**КАРАМОЛДОЕВ Ж.Ж.**
*ЭСМА*

# ЭПОСТОРДОГУ ТАБИГЫЙ КУБУЛУШТАРДЫ, САЛТ-САНААНЫ КЫРГЫЗ АЙСАНАГЫ АРКЫЛУУ ОКУТУУ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

Бүгүнкү күндө эң негизги байлыктар болуп эпостор эсептелинет, ошого жараша биз алгач Манас /3,4/ ж.б./5,6,7/ эпосторун колдонуп алардагы табигый кубулуштарды , өзгөчөлүктөрдү талдап кыргыздын айсанагы аркылуу сунуштайбыз.

«Кыргыз айларын ким тактайт»? «Эмне себептен ай эсебине көбүнчө кийиктерди киргизген?» деген суроолор бизди да кызыктырды. Себеби он эки айга мүнөздөмө берип кызыккан адистер ага өзүлөрү да кайрылып талдап чыкса болушу мүмкүн. Эң кызыктуу талдоону көрүнүктүү илимпоз-педагог Э.Мамбетакунов өз китебинде /2/ жүргүзгөн, көптөгөн маалыматтар келтирилген ошондуктан толук танышып чыкканды сунуштайт элек.

Кыргыз айлары эмне үчүн тогуздан баштап бир менен аяктайт жана жалаң так сандардан турат? Бул суроого дагы жооп издегенге аракеттендик.

Кыргыздардын жаңы жылы нооруздан башталып, күн менен түндүн узактыгы бирдей болуп, жай айларын көздөй күн узара баштайт. Эл көчкө даярданып ар бир табигый алкактарда (чөл, талаа, шалба, токой, субальпы жана альпы шалбасы, аска тоолор, көп жылдык тоң, мөңгүлөр) токтоп жайыттарды сарамжалдуу пайдаланып, кийиктерге мергенчилик кылып келген. Ак карлу тоого, көк ала зоого бет алышат. Ар бир бийиктик алкактарга токтоп ыңгайлашып (адаптация) түтөк ооруусуна чалдыкпагыдай болуп көчүшөт. Мал көктү кубалап от издеп өйдө карай, температура жогорулаган сайын, капталдап кете беришет, аларды эрчип эл журтун улам которот.

Кыргыздар мекендеген жеринин бети өтө татаал тилкеленген, ар кандай экспозиция(күнгөй жана тескей) климаттын өзгөчөлүктөрүн калыптап так бөлүнгөн алкактуулука ээ. Бул жерде айырмачылыктары так көрүнгөн төрт климаттык алкактуулук кездешет /1/. Аталган төрт алкактуулукта төрт кайберен (куран, бугу, кулжа жана теке) өз ордун, жашоо чөйрөсүн ээлеп келет. Мисалга алсак талаа жаныбары “бөкөн“ жөнүндө кыргыздын айсанагында, мүмкүн ал бийиктик алкактуулука тиешеси жок болгондуктан кездешбейт.

Кыргыздар эмне себептен ай эсебине көбүнчө кийиктерди киргизген? Деген суроого кичине түзөтүү киргизип: «Жалаң гана кийиктердин эркектеринин аттарын койгон?» деген суроо коет элек.

Кыргыздардын (көпчүлүк эле көчмөн калктын) азыктануусуу, жогоруда биз белгилеп кеткендей, байыртадан эле мергенчилик менен байланышып келген. Тукумду сактап калыш үчүн ыңгайы келгенде жалаң эркек кийиктерди атып алардын урматына айларды эркектин атынан: куран, жалган куран, бугу, кулжа, теке деп аташса керек.

Чынында, айдын аттары географиялык бийиктик алкактардагы жашоо чөйрөсүнө туура келип жатат. Изилдөөлөрдө /5,6,7/ “Кайберен” (кайп, кайып, кайып эрен) – 1) кепшөөчү жаныбарлардын (кийик, кулжа, ж.б.) жалпы аты; 2) мифологияда ошол жаныбарлардын ээси, колдочусу; 3) көзгө көрүнбөй кубулуп жүрүп адамдарды колдоочу кереметтүү күчтөр. “Манас” эпосунда аталган үч маанисинде тең колдонулат. Манас кошуну менен көчүп жүрүп “ бугусун, курбудан кулжасын атып, эгиздин (бийиктин) бийигин, эчки-теке кийигин, адырдан аркар үркүтүп “ аңчылык кылганы көрсөтүлөт. Эң маанилүүсү “кулжасын атып“, “аркарын үркүтүп“ деген саптардын аркасында ургаачыларды атпай тукумду сактоо маселеси дайыма көтөрүлүп, баса белгиленет.

Деген саптарда, ошол кездеги колдонулган курал жөнүндө сөз болот. Демек биз жогоруда айткандай колдонулган куралдардын мүмкүнчүлүктөрү чектелүү экени таандык. Табигый кубулштарга (туман, жаан чачын ж.б.) көз каранды болушкан.

**Жалган куран (March)** (куран деп кыргыздар эликтин текесин айтат). Жаздын эң алгачкы айы. Бул айда күн менен түндүн мөөнөтү теңелип күн узара баштайт. Чыгыш элдеринин бирден бир турмушта эң маанилүү майрамы - **Нооруз** белгиленет. Кыргызда “ Шыбыргак“ – каар жаан аралаш деп аталат. Ала шалбырт болуп элик көзгө көрүнүп-көрүнбөй аңчылыкка шарт ылайык келбей, көзгө «куран» жалган көрүнүп турган маалды «жалган куран» деп атаган чыгаар. Жалган Куран айында “курандын мүүзү өсө элек болуп куранбы же башка жаныбарбы (эликби) деген ой кетип жалган болсо керек“ деп божомолдолот. Бул пикир биздин ойду толуктап тургандай, себеби жогоруда келтирилгендей биздин мергендер көбүнчө кайберендердин эркектерин аткан үчүн бул малда куран мүүзү өсө элек кезде курандын ургачысы эликке окшош болуп турса аны атсакбы же атпасакбы деп бушайман болушкан.

**Чын Куранда** (April) кайберендин мүүзү өсүп даана, так көрүнгөн үчүн чын эле куран көзгө көрүнүп айдын атына берилген болуш керек. Жаратылыштын өзгөрүүсүнө ылайык жандыктардын өзгөөрүүлөрүн көрсөтүп айлардын аттары так коюлганын көрсөтүп турат. Бул пикир биздин туруктуу оюбуз боюнча дагы деле чоң экологиялык көз караш жөнүндө, себеби тукум улоо үчүн көбүнчө кийиктердин эркегин атып келишкен ошондуктан кыш аяктап калган маалда курандын мүүзү жок учурда элике окшош болуп аны атпай коюшу мүмкүн эле.

**Бугу айы (Mai).** Бугулар негизинен токой-шалбаа алкактарын ээлеп, чеги ар кайсы жерлерде ар кандай, ошону менен бирге токойдун түзүлүшү дагы чоң айырмаланып турат. Эпостордо маралдын табигый жашоо чөйрөсү өткөн жер көрсөтүлөт жана аны менен бирге чоң экологиялык маселени коюп, айлана чөйрөөгө, жан жаныбарларга кылдат мамиле кылганды, аларды коргоону үйрөтөт.

**Кулжа айы (June).** Бул айга тиешелүү 22 синде, эң маанилүү кубулуш болуп, эң узун күн жана эң кыска түн катталат. Бул суткадан башатап күн кыскарып түн узара баштайт.

Бул алкак негизинен кулжаларга таандык. Манас эпосунда:” Муз жайлоого көчүп, салкынга конуп …“ деп жашоо чөйрөнү көрсөтөт.

**Теке айы (July).**Текелер эң бийик тоолуу алкактарды, башкача айтканда тоолуу тундраны, 3800-4300м бийиктиктерди ээлейт, жарым жылдан ашык жаан чачын кар түрүндө жаайт, өсүмдүктүн бардык түрлөрү жапалдаш болуп өсүшөт. Аталган ландшафттарда малды жайуу чоң кылдаттык менен жүргүзүлүшү керек, себеби криогендик (тоңго байланыштуу) кубулуштар ар кандай талкалануулары интенсивдүү жүргүзүп кайра калыбына келүү мөөнөтү узакка созулат. Бул алкактан жогору тоң суук чөлдөр жайгашат жаан чачындын көлөмү 300мм чеин, көпчүлүк учурда кар түрүндө жаайт.

**Баш оона (August)** айында көч жетчи жерине жетип, барчу жерине барып, отурукташып, жайланышат. Себеби андан жогору азыкы термин менен айтканда гляциалдык- нивалдык , аска зоолу алкакка такалат. Ошондуктан көчүү токтоп кыска мөөнөткө болсо да убакыт болуп кымыз ичип, бири-бириникине конокко барып, же болбосо баш багып (баш багып деген сөздү кыргыздар жакшы түшүнөт) жүрүшөт. Кымыздан, бийиктиктен баш анча-мынча айланып беймарал маалы болуп бул ай бекеринен “баш оона” деп аталган болуш керек.

**Аяк оона (September)** Бул айдын 22 синде, күн менен түндүн мөөнөтүнүн узактыгы теңелип, эл жайлоодон кыштоого карай түшүп жаткан маал. Үй оокатын, мал-жанын тейлеп, түгөлдөп кошуна колоңго чыкканга убактысы жетпей аягы (буту) эки жака чыга албай калгандай. Кыргызда күз“киреше” деп бекеринен айтылбайт болуш керек. Аяк оона айы жылдын бирден бир чарбачылык жагынан маанилүү айлардын бири, кышка даярдык көрүү, жыйын-терим маалы. Манас эпосунда күздү “Мыйзам гүл” күзгө жуук жел менен кошо учкан ак түстөгү желе сыяктуу үлпүлдөк нерсе менен байланыштырат жана күз маалы деген мааниде жолугат.

**Калган айлар тогуздун (Oktober), жетинин (November), бештин (December), үчтүн (January), бирдин (Februaru) деп аталат.**

Бул айлардын аталыштары айрым географтардын болжолу боюнча жашоо-турмуштун, коомдук саясий, салык маселелерин так чечүүгө байланыштуу болуш керек. Каралып жаткан мезгилде негизги байлык мал менен эсептелинген. Топтолгон малды салык төлөгөн адам өзү түгөл сактап четинен кемитип салыкчыларга өткөрүп турган.

Күз айларында бирден бир чоң маселе "от май" чечкенге аракет болот. "От май" башка бирөөнүн жайытына малын оттотуп, бакканы үчүн акы төлөө. " Манаста" Алтайга сүрүлүп барып кен казып, эгин эгип, ченде жок байыган Жакып малын калмактарга таандык жерге жайганы үчүн отуз байтал, беш аттан от май төлөп турганы айтылат.

Манаста "Алман" деген сөз жолугат ал салык, "алым" делип өткөн заманда бийлик ээлери тарабынан шашылыш кырдаалда, зарылчылыка байланыштуу чогултулган.

**Тогуздун** айында салыкты тогуздап чектегенге жана алганга чоң мүмкүнчүлүк түзүлөт, себеби бул айда элдин көпчүлүгү отурукташкан маал, мал-мүлктү толуктаган учур, калың төлөгөнгө шарт экономикалык (эл ток) жана социалдык (маанайы жарык) негиз түзүлөт. Калган айлар салыкты тогуздан (элди аё иретинде) экиден кемитип олтуруп келе жаткан **жетинин** айында жетини калтырып, кыштын аягында **бирдин** айында тогуздун бир бөлүгүн төлөйт.

Кыш бүтүп жаз менен жаңы жыл, жаңы мүмкүнчүлүктөр, илгери үмүттөр менен жашоо турмуш өз айлампасын улантат.

**Адабияттар**


1. Атлас Киргизской ССР. Том 1. ГУГК СССР, 1987. 157 с.
2. Мамбетакунов Э.Табият, билим ж-а мезгил. Текник, Бишкек,2012.184б
3. Манас. Эпос. 1 бөлүк, 1 китеп. Кыргызмамбас, Фрунзе, 1958, 303 б.
4. Манас. Эпос. 1 бөлүк, 2 китеп. Кыргызмамбас, Фрунзе, 1958, 319 б.
5. "Манас" энциклопедиясы. 1 том. Бишкек, 1995, 440 б.
6. "Манас" энциклопедиясы. 1 том. Бишкек, 1995, 432 б.
7. С.Мусаев. Манас, кара сөз түрүндө. Илим, Фрунзе,1986. 284 б.